| МАКУЛДАШЫЛДЫ | БЕКИТЕМИН |
| --- | --- |
| Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңешинин төрагасы,<br>доцент Р.Н.Арапбаев ______________<br>"05" 07 2025-жыл | Ош мамлекеттик университетинин ректору,<br>профессор К.Г.Кожобеков ______________<br>"05" 07 2025-жыл |

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН СТАНДАРТЫ
## АДИСТИК: 530004 БАЖЫ ИШИ
## КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: БАЖЫ ИШИНИН АДИСИ

Ош – 2025-жыл

**530004 Бажы иши** адистигинин жогорку кесиптик билим берүү стандарты 2025-жылдын 4-июнунда Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин Социалдык экономикалык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетинин №4 токтому менен талкууланган.

Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңешинин 2025-жылдын 24-июнунда №4 токтому менен жактырылган.

2025-жылдын 5-июлунда Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин №9 токтому менен бекитүүгө сунушталган.

Ош мамлекеттик университетинин ректорунун 2025-жылдын 5-июлунда №3426 буйругу менен бекитилген.

Билим берүү стандартына төмөнкү чет элдик эксперттерден сын-пикир (бүтүм) алынган.

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Морозов Виктор Иванович | Россия Федерациясынын Тюмен мамлекеттик университетинин, КУжП кафедрасынын доценти, ю.и.к. |
| 2. | Попов Владимир Иванович | Югор мамлекеттик университети, доцент, ю.и.к. |
| 3. | Юсупов Умиджан Абдилвожибович | Өзбекстан Республикасынын Жогорку Сотунун башкы консультанты |

| **МАЗМУНУ** | |
|---|---|
| 1-БӨЛҮМ. Жалпы жоболор | 3-бет |
| 2-БӨЛҮМ. Кыскартуулар | 4-бет |
| 3-БӨЛҮМ. Терминдер | 4-бет |
| 4-БӨЛҮМ. Колдонуу чөйрөсү | 6-бет |
| 5-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү жана эмгек сыйымдуулугу | 7-бет |
| 6-БӨЛҮМ. Негизги билим берүү программасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга талаптар | 8-бет |
| 7-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү | 10-бет |
| 8-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар | 12-бет |
| 9-БӨЛҮМ. Билим берүү програмасын ишке ашыруунун шарттарына талаптар | 15-бет |

## 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**530004 Бажы иши** адистиги боюнча адистерди даярдоонун билим берүү стандарты ОшМУнун ректорунун буйругу менен бекитилген.

**530004 Бажы иши** адистиги_боюнча билим берүү программасынын билим берүү стандарты жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен ОшМУда өз алдынча иштелип чыгып, бекитилген.

ОшМУда өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты (мындан ары – билим берүү стандарты) мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңештирилген, жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарынын бирдиктүү структурасына ээ жана аларга билим берүүнүн биримдигин жана сапатын, көзөмөлдүн объективдүүлүгүн камсыз кылуу жагынан өз функцияларын аткарууга мүмкүндүк берет, ошондой эле ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын өнүктүрүүгө конкреттүү талаптарды белгилейт.

Ушул билим берүү стандартында белгиленген негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн шарттарына жана натыйжаларына карата талаптар мамлекеттик билим берүү стандарттарынын тиешелүү талаптарынан төмөн эмес.

***Билим берүү стандартты төмөнкү тараптардын катышуусу менен иштелип чыккан:***

1. Абдурасулов Олимжон Авалбайевич- И.Каримов атындагы Ташкент мамлекеттик техникалык университетинин, Алмалык филиалынын доценти, ф.и.к.;
2. Абаев Максатбек Бектурсынович–М.Х.Дулатов атындагы Тараз Регионалдык университети, Кылмыш укугу жана процесси кафедрасынын башчысы, ю.и.к., доцент;
3. Байтемирова Зарина Дадажанова - Мукими атындагы Кокон мамлекеттик педагогикалык институту, доцент, ф.и.к.;
4. Белоусов Алексей Владирович–РФ Тюмень мамлекеттик университети, КУжП кафедрасынын доценти, ю.и.к.;
5. Ибраимов Рахатбек Турсанович–Ж.Баласагын атындагы КУУнун. Юридикалык институтунун Укук таануу жана бажы иши кафедрасынын башчысы доцент, ю.и.к.;
6. Колбаев Бакыт Абдысатарович - Ош бажысынын бажылык процесстер борборунун алдын ала бажы жол жоболоштуруу тобунун өткөрүү пунктунун башчысы, бажы кызматынын подполковниги;
7. Абдыразакова Гулнара Пазылжановна-Ош бажысынын башкы инспектору, бажы кызматынын подполковниги;
8. Калыков Замирбек Абдираимович-Ош бажысынын улук инспектору, бажы кызматынын майору;
9. Абдиев Равшан Жанышбекович–Ош бажысынын Эркештам бажы постунун ага инспектору;
10. Асылбек уулу Уларбек – Өзгөн райондук салык кызматынын башкы инспектору;
11. Арстанбеков Мамасалы Сарбашович - КСЭБИ кафедрасынын башчысы доцент, ю.и.к.;
12. Жусупбаев Куштарбек Курманбаевич–КСЭБИ кафедрасынын улук окутуучу, программа жетекчиси;
13. Ташмаматов Азизбек Аматбекович – КСЭБИ кафедрасынын улук окутуучусу;
14. Мурзаканов Медет Акбарович – КСЭБИ кафедрасынын улук окутуучусу;
15. Саймидинов Сырбек Базарбаевич – КСЭБИ кафедрасынын окутуучу.

Ушул билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына, КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”, 2024-жылдын 5-

февралындагы №45 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомдоруна, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, 2024-жылдын 8-июлу № 371 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө”, Кыргыз Республикасында квалификациялардын улуттук системасына, квалификациялардын улуттук алкагына, квалификациялардын Европалык системасына, квалификациялардын тармактык алкактарына, кесиптик стандарттарга таянат, ОшМУнун Уставына жана билим берүү стандарты бекитилген учурда колдонуудагы ченемдик-локалдык документтерине ылайык келет.

Бул билим берүү стандартын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү тартиби “ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө” жобосу менен жөндөлөт.

## 2-БӨЛҮМ. КЫСКАРТУУЛАР

**МББС**- Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ББП –** билим берүү программасы
**ЖКББ -** жогорку кесиптик билим берүү;
**ОКББ** - орто кесиптик билим берүү;
**ӨАИЧС** - өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты;
**НББП -** негизги билим берүү программасы;
**ОУБ -** окуу-усулдук бирикме;
**ЖКК** - жалпы кесиптик копетенциялар;
**КК** - кесиптик компетенциялар;
**ОПК –** окутуучу-профессордук курам;
**СЖОП** - студенттин жекече окуу планы.
**ECTS –** Кредиттерди которуунун жана топтоонун европалык системасы.

## 3-БӨЛҮМ. ТЕРМИНДЕР

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул билим берүү стандартында төмөндөгү термин жана аныктамалар колдонулат:

- ***адис*** - магистратурага, аспирантурага (адъюнктурага) жана/же базалык докторантурага (PhD/профиль боюнча) тапшыруу жана кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн укук берүүчү кесиптик жогорку билимдин квалификациясынын деңгээли;
- ***багыттарды даярдоо*** – ар кандай профилдеги, фундаменталдык даярдыктын жалпылыгына негизделип интеграцияланган, жогорку кесиптик билим берүүгө (адистер, бакалаврлар жана магистрлер) кадрларды даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- ***базалык окуу планы*** – багыт же адистик боюнча студентти кесипке даярдоону ишке ашырган толук окуу мезигилиндеги дисциплиналарынын каталогу (мындан ары окуу план). Окуу планы милдеттүү компонентти камтыйт (базалык жана ЖОЖдук (адистештирилген)), милдеттүү дисциплиналарды жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды окутууга бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практиканын мөөнөтүн жана түрлөрүн белгилейт;
- ***бакалавр*** – магистратурага тапшыруу жана кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;
- ***билим берүүнүн дистанттык формасы*** – маалыматтык технологиялардын жардамы менен өз алдынча билим алуу (аралыктан окутуу) формасы;
- ***билим берүүнүн онлайн формасы*** – реалдуу убакыт режиминде маалымат технологияларынын жардамы менен аралыктан (узактан) билим берүү;
- ***дисциплиналардын каталогу*** – тандоо курстары (элективдүү) үчүн билим берүү уюму тарабынан сунушталган дисциплиналар;
- ***компетенция*** – белгилүү бир тармактын натыйжалуу продуктивдүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон, окуучуну (окуп жаткандарды) билим берүүгө даярдоодо алдын ала берилген социалдык талаптар (ченемдер);
- ***кош квалификация*** – эки багыттын (профилдин)/адистиктин билим берүү стандарттарынын кесилишинде ишке ашырылган билим берүү программасы;
- ***кредит*** – негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек сыйымдуулугун ченөөнүн шарттуу өлчөмү;
- ***магистр*** – аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (профил боюнча / PhD) тапшыруу жана кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн укук берүүчү, жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;

- ***негизги билим берүү программасы*** – шайкеш келген багытты даярдоо боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун жана уюштурууну регламенттөөчү окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;
- ***окутуунун жыйынтыгы*** – негизги билим берүү программасы /модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында алынган компетенция;
- ***окутуунун кредиттик технологиясы*** – кредиттерди топтоо менен студенттин тандоосуна жана дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун өз алдынча пландаштырууга негизделген окутуу;
- ***өз алдынча иштелип чыккан компетенциялар*** – стандартты иштеп чыгуучулар тарабынан киргизилген компетенциялар;
- ***профиль*** – кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрүнө жана (же) объектисине карата билим берүү программасынын багытталышы;
- ***семестрдик окуу планы*** – белгилүү бир академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылган окуу планы (анын ичинде семестрде окутуучулардын окутуу ишмердигинин эмгек сыйымдуулугун эсептөө);
- ***студенттин жекече окуу планы*** (СЖОП) – студенттин семестр үчүн окуу программасын аныктайт, ал семестрге сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт;
- ***специалитет*** – бул белгилүү бир тармакта терендетилген кесиптик квалификацияга ээ болгон адистерди даярдоону камсыз кылган жогорку кесиптик билим берүүнүн деңгээли.
- ***тандоо дисциплиналары*** – социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана тигил же бул региондун керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүү уюмдары тарабынан белгиленген кредиттердин алкагында тандоо компонентине киргизилген студенттин жекече даярдыгын чагылдырган окуу дисциплиналары;
- ***тармактык билим берүү формасы*** – билим берүү программасынын бир нече билим берүү уюмдары тарабынан ишке ашырылышы;
- ***учурдагы ченемдик ички жоболор*** – ушул жобону ишеп чыгуу учурунда колдонулуп жаткан ченемдик ички жоболор;
- ***ECTS*** – Европалык кредиттерди которуу жана топтоо системасы;
- ***soft skills (жумшак көндүмдөр)*** – эмоционалдык жана чыгармачылык интелект, иштиктүү баарлашуу жана өзүн-өзү уюштуруу, стандарттык эмес кырдаалда креативдүү жана сынчыл көз караш менен мамиле кылуу;
- ***STEM көндүмдөр*** – заманбап технология, техника, инженерия, маалыматтарды колдонуу жана башкаруу.

## 4-БӨЛҮМ. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

4.1. Ушул ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандартында “(мындан ары – билим берүү стандарты - ББС) жогорку кесиптик билим берүүнүн **530004 Бажы иши** адистиги боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга коюлган талаптардын жыйындысы көрсөтүлөт.

4.2. Бул билим берүү стандарты **530004 Бажы иши** адистиги боюнча ЖКББ программаларына адисти даярдоонун талаптарын белгилейт жана анын жыйынтыгы менен **“адис”** квалификациясы ыйгарылат.

4.3. Ушул ЖКББ стандарты НББПсынын курамындагы базалык окуу пландарын, окуу дисциплиналардын, практикалардын жумушчу программаларын жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестатциянын программаларын иштеп чыгууда негиз болуп берет.

4.4. Билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- **530004 Бажы иши** адистиги боюнча билим берүү программасы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууда, иш жүзүнө ашырууда жана окутууда уюштуруу-методикалык документтердин негизи болот. Ошондой эле жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо, илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен толуктоо, жаңылоо, ошондой эле жетишилген окутуунун натыйжаларына системалуу мониторинг жүргүзүү максатында билим берүү уюмунун окутуучу-профессордук курамы;
- негизги билим берүү программасын өздөштүрүүдө өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу максатында студенттер;
- өз компетенциясынын чегинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына, окуу процессинин уюштурулушуна жооптуу болгон билим берүү уюмунун жетекчилиги, окуу-усулдук бирикмелер (тармактык комитет), факультеттердин декандары, институттардын жана колледждердин директорлору, кафедра башчылары, бөлүм башчылары, предметтик-циклдик комисиянын башчылары жана башкалар;
- бүтүрүүчүлөр окуу жетишкендиктерин, билим сапатын баалоочу экзамендик жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялык комиссиялар;
- бүтүрүүчүлөрдү ишке кабыл алууда адистигин аныктоо үчүн кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөр;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылаган уюмдар;
- билим берүү тармагында билим берүү программаларын аккредитациялоону ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу уюмдар;
- билим берүү системасындагы мыйзамдуулукту сактоону, көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү тармагындагы сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү;
- абитуриенттер билим берүү адистиктерди тандоодо колдонушат.

## 5-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЧЕНЕМДИК МӨӨНӨТҮ ЖАНА ЭМГЕК СЫЙЫМДУУЛУГУ

5.1. Абитуриенттердин билиминин деңгээлине карата талаптар. Жогорку кесиптик билим берүүнүн специалитет даражасына тапшырууда абитуриент төмөнкү документтердин бирине ээ болууга тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестатка;
- башталгыч кесиптик билими жөнүндө дипломго (жалпы орто билими жөнүндө документи болсо);
- орто кесиптик билими жөнүндө дипломго;
- жогорку кесиптик билими жөнүндө дипломго.

5.2. Ушул билим берүү стандартына ылайык билим берүү программасын ишке ашырууда окутуунун төмөндөгү формаларында **”Бажы ишинин адиси”** квалификациясына ээ болушу мүмкүн:

- күндүзгү;
- сырттан;
- онлайн, дистанттык.

5.3. **530004 Бажы иши** адистиги боюнча адисти даярдоодо билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуутунун формасына, колдонулган билим берүү технологияларына, кош квалификация берүүгө, тармактык билим берүү (бир нече билим берүү уюмдары тарабынан программанын ишке ашырылышы) формасына, студенттин жекече окуу планына, анын ичинде тездетилген окутуунун түрүнө карабастан специалитет 300 кредиттен кем эмес болууга тийиш.

Кош квалификация берилген учурда эки адистиктин стандартынын кесилишинде ишке ашырылат жана билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу 60 кредиттен кем эмес өлчөмгө көбөйтүлүп, окуу мөөнөтү 1 жылдан кем эмес мөөнөткө узартылат.

5.4. Күндүзгү окуу формасы үчүн билим берүүнүн стандарттык окуу мөөнөтү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин берилүүчү каникулдарды кошо алганда специалитет 5 жылды түзөт.

5.5. Сырттан жана дистанттык окуу формаларында ишке ашырылган учурда билим алуунун стандарттык мөөнөтү, колдонулган билим берүү технологияларына карабастан, күндүзгү окуу формасында белгиленген окуу мөөнөтүнө салыштырмалуу 6 (алты) айдан 1 (бир) жылга чейин узартылат.

5.6. Күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан жана дистанттык окуу формасында сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбоого тийиш.

5.7. Студенттин жекече окуу планы боюнча билим берүү мөөнөтүнүн нормалары билим берүү уюмунун академиялык саясатынын жана окуу жараянын уюштуруу боюнча ченемдик-актылык документтердин негизинде аныкталат.

5.8. Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу жараянын уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. Окуу планындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн сыйымдуулугу академиялык ECTS кредиттер менен белгиленет. 1 академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар (аудиториялык, өз алдынча иштерди жана аттестациянын бардык түрлөрүн кошкондо). Окутуунун кредиттик системасы боюнча академиялык сааттын узактыгы билим берүү уюму тарабынан 45 мүнөт чегинде белгиленет.

5.9. Жогорку кесиптик билим берүүнүн НББПсынын күндүзгү окуу формасынын жылдык эмгек сыйымдуулугу 60 кредит жана семестрдеги эмгек сыйымдуулугу 30 кредит.

5.10. ЖКББ НББПсынын окутуунун күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формасы ошондой эле билим берүүнүн ар түрдүү дистанттык окутуунун технологияларын колдонуу менен бир окуу жылындагы эмгек сыйымдуулугу специалитет үчүн 50 кредиттен кем эмес.

5.11. Тездетилген программаларды ишке ашырууда окуу мөөнөтүн билим берүү уюму мурдагы билим алууда билим алуучу өздөштүргөн (өткөн) айрым дисциплиналар (модулдар) жана/же жумуш ордунда окутуунун айрым түрлөрү боюнча окутуунун натыйжаларын толугу менен же жарым-жартылай кайра аттестациялоонун (кайра зачёттоонун) натыйжалары боюнча аныктайт.

5.12. Тиешелүү профилдеги *орто кесиптик билими* же *жогорку кесиптик билими* бар адамдарга билим берүү уюму мурдагы билим берүүнүн жана окутуунун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук берет. Орто кесиптик билимдин профилинин ЖКББ профилине дал келиши билим берүү уюму тарабынан өз алдынча аныкталат.

5.13. Билим берүүнүн онлайн жана дистанттык формасы колдонулган учурда практикалардын бардык түрлөрүн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону онлайн жана дистанттык формада өткөрүүгө (уюштурууга) жол берилбейт.

## 6-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУГА ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУГА ТАЛАПТАР

6.1. Билим берүү уюму эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгат. Негизги билим берүү программасы багыт/адистик боюнча билим берүү стандартынын, квалификациялардын улуттук алкагынын, квалификациялардын тармактык/сектордук алкактарынын жана кесиптик стандарттардын (бар болсо) негизинде иштелип чыгат.

6.2. Жогорку кесиптик билим берүүнүн **530004 Бажы иши** адистиги боюнча НББПнын **максаттары**:

- **окутуу жаатындагы:** билим берүүнүн стандарттарына дал келген жана бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсүндөгү атаандаштыка жөндөмдүү студенттердин жалпы, жалпы кесиптик жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу жана аларды практикалык ишмердикте ишке ашырууну өнүктүрүү.
- **инсанды тарбиялоо жаатындагы:** улуттук руханий баалуулуктарга багытталган, коомдо активдүү социалдык адаптацияга жана жашоодогу өз алдынча тандоого, эмгек ишмердигин баштоого жана кесиптик билим алууну улантууга, өз алдынча билим алууга, өз алдныча өсүүгө жөндөмдүү жарандын инсандыгын калыптандыруу.

6.3. Билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен НББПны кызыкдар тараптардын сунуштарына ылайык 5 (беш) жылда бир жолудан кем эмес жаңылайт. Билим берүү программаларын жаңылоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгууну;
- билим берүү программаларына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүүнү;
- иш берүүчү менен макулдашылган бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясына карата талаптардын негизинде билим алуучулардын билим жана билүү деңгээлдерин, көндүмдөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууну;
- педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууну;

- ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууну, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөнү;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген аккредитациялоонун минималдуу талаптары боюнча өзүн-өзү баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүүнү;
- өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымдоону.

6.4. Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- социалдык-маданий чөйрөнү түзүүгө;
- инсанды ар тараптан өнүктүрүү жана социалдаштыруу, билим алуучулардын ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- билим берүү жараянынын тарбиялык/окуудан тышкарκы компоненттерин өнүктүрүүгө, анын ичинде өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, билим алуучулардын коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусуна өбөлгө түзүүгө.

6.5. Билим берүү программасынын ар бир циклине тиешелүү дисциплиналарды (модулдардын) топтому жана алардын сыйымдуулугун билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары тарабынан (факультет, институт, колледждер) өз алдынча аныкталат.

6.6. НББПнын дисциплиналарынын топтому милдетүү (базалык) жана тандоо бөлүгүн камтууга тийиш. Тандоо курстары кесиптик цикл үчүн сунушталат жана ал үчүн дисциплиналардын каталогу билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

6.7. Дисциплиналардын милдеттүүлүк даражасы жана аларды өздөштүрүүнүн ырааттуулугу боюнча топторго бөлүштүрүү Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү укуктук-ченемдик актыларына жана билим берүү уюмунун окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү жоболоруна ылайык уюштурулат.

6.8. Билим берүү уюму билим алуучуларга НББПнын окуу курстарынын (дисциплиналардын, модулдардын) жеткиликтүү болушун камсыздоого, киришүү курстарын өткөрүүгө, билим алуучунун жекече окуу траекториясын түзүү үчүн тандоо курстарын жана каалоолорун сурамжылоо аркылуу аныктоого милдеттүү. Билим алуучу билим берүү уюму тарабынан берилүүчү академиялык консультанттын катышуусу менен өзүнүн жекече окуу планын түзөт.

6.9. Билим берүү уюму НББПны түзүүдө билим алуучуларды укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, билим алуучулар тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү экендигин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан аз болбоого тийиш экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

6.10. Билим берүү уюму билим берүү программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда гендердик теңчилик саясатын эске алууга, социалдык инклюзияны камсыз кылууга, ошондой эле санариптештирүүнү өнүктүрүүгө милдеттүү.

6.11. Билим берүү программасын ишке ашырууда билим алуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар:

- билим алуучулар жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасынын алкагында билим алуучулардын тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө

бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу;

- өзүнүн жеке билим берүү траекториясын түзүүдө билим алуучу билим берүү уюмунан дисциплиналарды тандоо жана алардын келечектеги кесипке/адистикке тийгизген таасири боюнча консультация алууга укуктуу;
- компетенцияларды өнүктүрүү бөлүгүндө билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында билим алуучулар студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга укуктуу;
- билим алуучулар билим берүү уюмунун билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү;
- билим алуучунун окуу жүктөмүнүн көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн кошкондо жумасына 38 сааттан кем эмес белгиленет. Окуу жүктөмүнүн жумалык максималдуу көлөмү билим берүү уюму тарабынан белгиленет;
- окутуунун күндүзгү формасында бакалаврды/адисти даярдоодо аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына жалпы көлөмдүн 35%нан кем эмес;
- окуу жылындагы каникул мезгилинин жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүп, анын ичинде окуу мөөнөтүнө жараша кыш мезгилинде эки жумадан кем болбоого тийиш.

## 7-БӨЛҮМ. 530004 БАЖЫ ИШИ АДИСТИГИНИН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

7.1. **530004 Бажы иши адистиги** боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн багыттарына** төмөнкүлөр кирет:

- бажылык жөнгө салуу жана бажы иши;
- бажы иши чөйрөсүндөгү укук бузууларга каршы күрөшүү.

7.2. **530004 Бажы иши** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн объекттери** болуп төмөнкүлөр саналат**:**

- адистин кесиптик ишмердүүлүгү чөйрөсүндөгү мамилелер;
- товарларды жана транспорт каражаттарын ЕАЭБдин жана Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу ташып өтүү;
- жүктөрдү жана транспорттук каражаттарды ташуу менен алектенген адамдар;
- бажы органдарынын системасы;

7.3. **530004 Бажы иши адистиги** боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрү специалитет даражасынын **"Бажы ишинин адиси"** квалификациясын ыйгаруу менен окуу тармагында даярдала турган **кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү:**

- бажы процедураларын колдонуу, бажы төлөмдөрүн жыйноо, бажы көзөмөлүн ишке ашыруу;

бажы жол-жоболорун колдонуу, бажы жыйымдарын өндүрүү жана бажы көзөмөлүн жүргүзүү;

- укук коргоо;
- уюштуруу-башкаруу жана маалымат-аналитикалык;

- илимий-изилдөө.

Бүтүрүүчүлөрдүн билим деңгээли жана ээ болгон компетенциялары кызматкерлердин квалификациясына коюлган талаптарга жооп берген шартта кесиптик ишмердүүлүгүн башка чөйрөлөрүндө жүзөгө ашыра алышат.

7.4. **530004 Бажы иши** адистиги боюнча **"Бажы ишинин адиси"** квалификациясы ыйгарылган адис кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө (түрлөрүнө) ылайык, төмөнкү **кесиптик милдеттерди чечүүгө даяр**:

**1) бажы процедураларын колдонуу, бажы толомдорун жыйноо, бажы көзөмөлүн ишке ашыруу:**

- *бажы жол-жоболорун колдонууну камсыз кылуу;*
- *бажы көзөмөлүн жүргүзүү;*
- *бажылык жөнгө салуунун сакталышын камсыз кылуу;*
- *тышкы экономикалык иштин товардык номенклатураларын колдонуу;*
- *товардын чыккан өлкөсүн аныктоо жана аны аныктоонун тууралыгын көзөмөлдөө;*
- *товарлардын бажы наркын аныктоо жана көзөмөлдөө;*
- *бажы төлөмдөрүн, демпингге каршы, атайын жана компенсациялык алымдарды эсептөөнүн тууралыгын, толуктугун жана өз убагында төлөнүшүн көзөмөлдөө; туумдарды, пайыздарды эсептөө жана алуу; карыздарды өндүрүү; бажы төлөмдөрүн жана башка акча каражаттарын кайтарууну ишке ашыруу;*
- *бажы төлөмдөрүн эсепке алуу, бажы органдарынын эсептериндеги авансты к төлөмдөрдү жана акчалай күрөөлөрдү эсепке алуу;*
- *бажы чек арасы аркылуу өткөрүлүүчү товарларга карата белгиленген тыюу салуулардын жана чектөөлөрдүн сакталышын камсыз кылуу;*
- *өз компетенциясынын чегинде интеллектуалдык менчик укуктарын коргоону камсыз кылуу;*
- *өз компетенциясынын чегинде товарларды жана транспорт каражаттарын бажы чек арасы аркылуу өткөрүү менен байланышкан операцияларга валюталык көзөмөл жүргүзүү;*
- *бажы иши чөйрөсүндө иш жүргүзгөн жактардын реестрлерин, банктардын, башка кредиттик жана камсыздандыруу уюмдарынын реестрлерин, банктык кепилдиктерди жана бажы төлөмдөрүн төлөөнү камсыздоо катары бажы органдары тарабынан кабыл алынган камсыздандыруу келишимдерин жүргүзүү;*
- *бажы операцияларын юридикалык коштоо.*

**2)** ***<u>укук коргоо иши :</u>***

- *бажы иши чөйрөсүндөгү укук бузууларга жана кылмыштарга каршы күрөш жүргүзүү;*
- *бажы органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын экономикалык, мамлекеттик жана башка улуттук коопсуздугунун түрлөрүн камсыз кылуу;*
- *кызматтык ишмердүүлүктү жүргүзүүдө мамлекеттик жана башка мыйзам менен корголуучу сырларды коргоо;*
- *бажы иши чөйрөсүндөгү укук бузууларды жана кылмыштарды аныктоодо процесстик документтерди түзүү жана зарыл процесстик аракеттерди жасоо.*

**3) *уюштуруу-башкаруу жана маалымат аналитикалык***

- *бажы органдарынын ишин башкаруу (бажы органдарынын ишин талдоо, пландаштыруу, уюштуруу, көзөмөлдөө жана мотивациялоо);*
- *бажы органдарында персоналды башкаруу;*
- *уюштуруу-штаттык түзүмүн оптималдаштыруу, бажы органдарын түзүү (кайра уюштуруу) боюнча уюштуруу-пландык эсептөөлөрдү жүргүзүү;*
- *ыкчам, технологиялык жана уюштуруучулук чечимдерди тандоо жана негиздөө үчүн маалымат чогултууну уюштуруу;*
- *изилдөөлөрдү уюштуруу, инновацияларды киргизүү жана колдонуу.*
- *тышкы соода бажы статистикасынын жана атайын бажы статистикасынын маалыматтарын чогултуу, калыптандыруу, жүргүзүү жана жайылтуу;*
- *бажы ишинде маалыматтык системаларды, маалыматтык технологияларды, маалыматты коргоонун программалык-техникалык каражаттарын колдонуу;*
- *бажы органы иштеп жаткан аймактагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорттук жана импорттук агымдарын, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин кирешe бөлүгүнө бажы төлөмдөрүнүн түшүүсүн болжолдоо;*
- *бажы органдарынын мамлекеттик органдар, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүсү;*
- *бажы иши чөйрөсүндө тышкы экономикалык иштин (мындан ары - ТЭИ) катышуучуларына маалымат берүү жана консультация берүү.*

**4) *илимий-изилдөөчүлүк ишмердик***

- *кесиптик билим берүү жана кошумча кесиптик билим берүү.*
- *максаттардын жетишүүсүнө, бажы органдарынын милдеттеринин жана пландык көрсөткүчтөрүнүн аткарылышына мониторинг жүргүзүү, алардын ишинин натыйжаларын болжолдоо;*
- *кесиптик ишмердүүлүктү өркүндөтүү боюнча сунуштардын илимий негиздемеси;*
- *эксперименттерди жана сыноолорду өткөрүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана уюштуруу, алардын натыйжаларын талдоо;*
- *бажы органдарынын практикалык ишмердүүлүгүнө изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.*

## 8-БӨЛҮМ. 530004 БАЖЫ ИШИ АДИСТИГИНИН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНА ТАЛАПТАР

8.1. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүдө төмөнкү **жалпы компетенциялар (ЖК)** калыптанышы керек.

| Багыттар | Компетенциялар | Окутуунун натыйжасы (ОН) |
|---|---|---|
| **Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр** | **ЖК-1**: Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт; өз пикирин жазма-оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт; изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. | **ОН-1:** үч тилде баарлашат: кыргыз жана орус тилдеринде В2 деңгээлинде, чет тилдердин биринде В1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. |

| | | |
|---|---|---|
| **Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар** | **ЖК-2:** Кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, укуктук маданияттын негизинде мамлекеттүүлүктүн философиясын, жарандык идентүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өркүндөтүүгө багытталган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөндөмдүү. | **ОН-2:** Инсандык, улуттук идентүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, мыйзамдулукту сактайт жана өнүгүүсүнө, жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык, укуктук жоопкерчилик мамиледе болот. |
| **Soft skills (жумшак көндүмдөр)** | **ЖК-3:** Жаңы идеяларды генерациялайт жана креативдүү ой жүгүртүү менен тышкы чөйрөдөгү инновацияларга жана күтүүсүз кырдаалдарга ыңгайлаша алат, долбоорлорду уюштуруу жана ишкердик жүргүзүүдө аналитикалык ойлонот жана сын көз караш менен аракеттене алат. | **ОН-3**: Идеяларды жаратууга жана сынчыл ой жүгүртүүгө, башка көз караштарды интеграциялоого жана талдоого жөндөмдүү, профессионалдык чөйрөдө аргументтүү жана конструктивдүү ойлонот, ишкердик жүргүзүүдө стандарттык эмес кырдаалда өзүн-өзү башкарат, психологиялык туруктуулукту жана изилдөөчүлүк жөндөмдөрдү колдоно алат. |
| **STEM көндүмдөр** | **ЖК-4:** Санариптик медиа тексттерди, инфографикаларды, негизги математикалык, инженердик, илимий принциптерди колдоно алат, санариптик жана креативдүү экономиканын ар кандай бизнес чөйрөлөрүндөгү жаңы тенденцияларга ыңгайлаша алат. | **ОН-4:** Заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды жана математикалык методдорду колдонот, техникалык, санариптик жана креативдүү экономиканын тенденцияларына ийкемдүү мамиле жасайт. |

8.2. **530004 Бажы иши** адистигинин бүтүрүүчүсү төмөндөгү <u>**жалпы кесиптик компетенцияларга**</u> ээ болусу керек:

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан жалпы компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **ЖКК-1** | Кесиптик ишмердиктеги маселелерди чечүүдө эл аралык жана улуттук укуктук актылардын жоболорун колдоно алат. |
| **ЖКК-2** | Экономика жана башкаруу жаатындагы билимдерин колдоно билүүгө, Кыргызстандын жана дүйнөлүк экономиканын потенциалын жана өнүгүү тенденцияларын профессионалдык ишмердүүлүктө практикалык жана (же) илимий маселелерди чечүү үчүн талдай алатууга жөндөмдүү. |
| **ЖКК-3** | Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу жана маалыматтык коопсуздуктун негизги талаптарын эске алуу менен маалыматтык жана библиографиялык маданияттын негизинде кесиптик милдеттерди чечүү, мамлекеттик бийлик органдарына жана коомго маалымдоо үчүн маалыматтарды |

| | |
|---|---|
| | чогултууга, иштеп чыгууга жана талдоого жөндөмдүү. |
| **ЖКК-4** | Кесиптик ишмердүүлүктө негиздүү уюштуруучулук жана башкаруучулук чечимдерди (оперативдүү жана стратегиялык деңгээлдердеги) иштеп чыгууга жөндөмдүү. |
| **ЖКК-5** | Уюм ичиндеги жана ведомстволор аралык байланыштарды жүргүзүүгө жөндөмдүү. |
| **ЖКК-6** | Заманбап маалыматтык технологиялардын иштөө принциптерин түшүнө алат жана аларды кесиптик маселелерди чечүүдө колдонууга жөндөмдүү. |

8.3. Специалитет даражасындагы **"Бажы ишинин адиси"** квалификациясына ээ болгон бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө шайкеш келген төмөндөгүдөй **<u>кесиптик компетенцияларга (КК)</u>** ээ болушу керек:

**Бажы процедураларын колдонуу, бажы толомдорун жыйноо, бажы көзөмөлүн ишке ашыруу** чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердик

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-1** | Бажы операцияларын жүргүзүүгө жана бажы жол-жоболорун колдонуну камсыз кылууга жөндөмдүү. |
| **КК-2** | Бажы көзөмөлүн жүргүзүүгө жана мамлекеттик көзөмөлдүн башка түрлөрүн жүзөгө ашырууга жөндөмдүү. |
| **КК-3** | ЕАЭБдин ТЭИ ТН ылайык товардын кодун, товарлардын келип чыгышын, бажы наркын аныктоого, Евразия экономикалык бирлигинин укугун түзгөн эл аралык келишимдерге жана актыларга жана Кыргыз Республикасынын бажылык жөнгө салуу жөнүндө мыйзамдарына ылайык бажы тарифинин, акциздин жана кошумча нарк салыгынын өлчөмдөрүн колдонууга жөндөмдүү. |
| **КК-4** | Бажы органдарын жыйноочу бажы алымдарын, салыктарды, бажы жыйымдарын, атайын, демпингге каршы, компенсациялык алымдарды, туумдарды, пайыздарды жана башка төлөмдөрдү эсептөөгө, аларды эсептөөнүн тууралыгын жана өз убагында төлөнүшүн көзөмөлдөөгө жөндөмдүү. |

**<u>Укук коргоо</u>** чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердик

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-5** | Бажы органдарынын компетенциясына кирген кылмыштардын алдын алууга, аныктоого жана бөгөт коюуга жөндөмдүү. |
| **КК-6** | Бажы органдарынын ыйгарым укугуна кирген укук бузуулардын алдын алууга, аныктоого, бөгөт коюуга жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүзөгө ашырууга жөндөмдүү. |

**<u>Уюштуруу-башкаруу жана маалыматтык талдоо</u>** <u>чөйрөсүндөгү</u> кесиптик ишмердик

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|

| | |
|---|---|
| **КК-7** | Башка мамлекеттик органдар жана уюмдар менен, анын ичинде эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүдө мамлекеттик башкаруунун структурасында бажы органдарынын ордун жана ролун аныктоого жөндөмдүү. |
| **КК-8** | Бажы органдарынын ишине системалык баалоо жүргүзүүгө жана аларды өнүктүрүү боюнча башкаруучулук чечимдерди иштеп чыгууга жөндөмдүү. |
| **КК-9** | Стратегиялык жана тактикалык пландаштыруу документтерин эл аралык жана улуттук стандарттардын талаптарын эске алуу менен ишке ашырууну иштеп чыгууга жана уюштурууга жөндөмдүү.- Бажылык башкаруу системасын өнүктүрүүнүн милдеттерин чечүү үчүн эл аралык жана улуттук стандарттардын жоболорун жана талаптарын ишке ашырууну уюштурат. |
| **КК-10** | Мониторингдик маалыматка талдоо жүргүзүүгө жана бажы тобокелдиктерин жана уюмдун тобокелдиктерин баалоого, аларды минималдаштыруу чараларын иштеп чыгууга жөндөмдүү. |

**Илимий-изилдөөчүлүк** чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердик

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-11** | Орто-кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу-методикалык жана окуу-илимий материалдарды даярдоого жана ишти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү. |
| **КК-12** | Бажы иши чөйрөсүндө пландарды иштеп чыгууга жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, ошондой эле алынган натыйжаларды талдоого жана сын көз менен баалоого жана жыйынтык чыгарууга жөндөмдүү. |

## 9-БӨЛҮМ. 530004 БАЖЫ ИШИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАМАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА ТАЛАПТАР

**9.1. Билим берүү программасын иш ашырууда кадрларга талаптар**

**9.1.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун жалпы талаптары:**

Специалитетти даярдоодо НББПсын ишке ашырууда, базалык билими жана академиялык "магистр"/адис", даражасы бар, окутуп жаткан дисциплинасы багытына туура келген жана системалуу түрдө илимий жана илимий-методикалык ишмердүүлүк менен алек болгон педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек;

Билим берүү программасын тейлеген окутуучу-профессордук курамдын сапаттык көрсөткүчү мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген пайыздан кем эмес болушу керек, илимдин кандидаты жана доктору, илимий даражасы жана (PhD) академиялык наамы бар окутуучулар менен камсыз болуусу зарыл;

Билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү 70 %дан кем болбошу керек.

**9.1.2. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун билим берүү багытынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык талаптары**:

- ✓ Билим берүү программасын ишке ашырууга катышкан профессордук-окутуучулук курамынын санынын 65 пайыздан кем эмеси окутулуп жаткан дисциплинанын (модулдун) профилине ылайык келген илимий, окуу жана (же) практикалык иштерди жүргүзүүгө милдеттүү.
- ✓ Билим берүү программасын ишке ашырган окутуучулардын 40% дан кем эмес бөлүгү окумуштуулук даражасы жана/же илимий наамы болушу шарт;
- ✓ Билим берүү программасын ишке ашырган окутуучулардын 5 % дан кем эмес бөлүгү өндүрүштөн жана/же тиешелүү бизнес секторлордон болушу шарт;
- ✓ Окутуучулар кесиптик квалификациясын 3 жылда 1 жолудан кем эмес жана педагогикалык квалификациясын 5 жылда 1 жолудан кем эмес жогорулатышы керек.

**9.2. Окуу процессинин окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышына талаптар**

9.2.1. Адабияттар фондуна талаптар:

- ✓ Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек.
- ✓ Билим алуучулардын билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен камсыз болушу лицензиялык талаптарга ылайык келүүгө тийиш. Окутулуучу маалымат булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек.
- ✓ Милдеттүү окуу китептеринин жана методикалык куралдардын бир студентке 0,25 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек (лицензиялык талаптарга ылайык болуусу).

9.2.2. Электрондук окуулуктарга талаптар:

- ✓ Окуу планындагы ар бир дисциплина (модуль) боюнча милдетүү жана кошумча окуу китептеринин электрондук китепканада камсыздалышы шарт.
- ✓ Электрондук-китепкана система ар бир билим алуучуга электрондук окуулуктарды колдонуу үчүн интернет желеси жана окуу жайдын санариптик платформалары жекиликтүү болуусу керек (компьютердик кааналар, методикалык кааналарда орункдуктар жетиштүү .
- ✓ Ата мекендик жана чет элдик ЖОЖдор жана уюмдар менен ыкчам маалымат алмашуу Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик жөнүндө мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик тармагында эл аралык келишимдердин талаптарын сактоо менен ишке ашырылышы керек.
- ✓ Окуп жаткандар үчүн заманбап кесиптик маалымат базаларына, маалымат, сурап-билүү жана издөө системаларына жеткиликтүү болууга тийиш.

9.2.3. Окуу-усулдук материалдардын (комплекстердин) электрондук формаларынын санариптик платформаларына жайгаштырууга талаптар:

- ✓ Окуу-усулдук материалдардын (комплекстердин) (силлабус, жумушчу программалары, баалоо каражаттары жана башкалар) окуу жылынын башталышынын 1 жума мурун санариптик платформаларына жайгаштырууга шарт.
- ✓ Негизги билим берүү программасы окуу-методикалык иш кагаздары жана билим берүү программасы негизги билим берүү программасынын бардык окуу курстарынын окуу-методикалык документациясы, дисциплиналар (модулдар) менен камсыз кылынуусу керек.
- ✓ Ар бир окуу дисциплинасынын (модулдун) мазмуну Интернет тармагына же билим берүү мекемесинин тиешелүү санариптик платформаларына жайгаштырууга зарыл.

9.2.4. Дистанттык/онлайн окутуунун окуу-усулдук материалдарына (комплексине) жана аларды санариптик платформаларына жайгаштырууга талаптар:

- ✓ Дистанттык/онлайн окутуу процессин камсыз кылуу үчүн төмөнкүдөй аралыктан окутуу каражаттары колдонулат:

- мультимедиялык коштоосу менен адистештирилген окуу китептери;

- электрондук окуу китептерин, окуу куралдарын, тренингдик компьютердик программаларды, компьютердик лабораториялык практикумдарды, контролдук-тестирлөө топтомдорун, окуу видеофильмдерин, аудио жазууларды камтыган электрондук окуу-методикалык комплекстер;

- санариптик билим берүү ресурстары;

- байланыштын телекоммуникациялык каналдары боюнча берүү үчүн арналган башка материалдар.

- ✓ Дистанттык/онлайн окутуунун окуу-усулдук материалдары (комплекстери) окутуучулар тарабынан ЖОЖдун билим берүү порталына окуу жылынын башталышынын 1 жума мурун жайгаштырылууга тийиш.

**9.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышына талаптар**

Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге ылайык келген билим берүү уюмунун окуу планында каралган, окуучулардын лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоонун бардык түрлөрүн, практикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болушу керек.

9.3.1. Атайын кабинеттер (лабораториялык, компьютердик, мультимедиалык ж.б.)

Билим берүү уюму **<u>530004 Бажи иши адистиги</u> боюнча төмөнкүдөй** атайын кабинеттерди уюштуруусу керек:

- ✓ мультимедиалык каражаттар менен жабдылган аудиториялар;
- ✓ бажы көзөмөлүнүн уюштуруу боюнча адистештирилген аудитория.
- ✓ бирдиктүү локалдык тармакка бириккен жана атайын программалар менен камсыздалган компьютердик класс;
- ✓ спорттук зал;
- ✓ ашкана,
- ✓ медициналык пункт.

**9.4. Билимдердин сапатын баалоого талаптар**

9.4.1. Текшерүүнүн түрлөрү:

Билим берүү уюму академиялык саясат боюнча локалдык актыларынын негизинде билимдердин сапатын баалоо үчүн текшерүүнүн түрлөрүн аныктайт:

- ✓ <u>Учурдук текшерүү</u>
- ✓ <u>Аралык текшерүү</u>
- ✓ <u>Жыйынтыктоочу текшерүү</u>
- ✓ <u>Мамлекеттик аттестациялоо</u>

9.4.2. Баалоо каражаттар фонду жана баалоонун критерийлери:

- ✓ Билим берүү уюмуну тарабынан бекитилген БКФ жөнүндө локалдык актылар болууга тийиш.
- ✓ Билим берүү программасына БКФ иштелип чыгып окуу жылынын башында бекитилүүгө тийиш.
- ✓ Ар бир дисциплинага текшерүүнүн түрлөрүнө ылайык баалоо критерийлери болууга тийиш жана окуу процессинин башында бекитилет.

**9.5. Практиканы уюштурууга коюлган талаптар ПРАКТИКАНЫ УЮШТУРУУДА ТАЛАП КАТАРЫ ЖАЗЫЛЫШЫ КЕРЕК.**

9.5.1. Практика жөнүндө жалпы жоболор

- ✓ Практика НББП адистерин даярдоонун милдеттүү бөлүмү. Бул студенттердин кесиптик жана практикалык даярдыгына түздөн-түз багытталган окуу процессин уюштуруунун формасы.
- ✓ Практика Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын түзүмдүк бөлүмдөрүндө, бажыда жана бажы постторунда, Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына баш ийген уюмдарда, ошондой эле үчүнчү тараптык уюмдарда же университеттин керектүү кадрларга жана илимий-техникалык потенциалга ээ кафедраларында жана лабораторияларында жүргүзүлөт. Мында бажы органдарынын түзүмдүк бөлүмдөрүндө жок дегенде бир түрдөгү практика жүргүзүлүүгө тийиш.

9.5.2. Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү программасына даярдоодо практиканын төмөнкү түрлөрү өткөрүлөт:

1. Окуу-танышуу практикасы: баштапкы кесиптик көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү алуу боюнча.
2. Өндүрүштүк практика:
   - кесиптик көндүмдөрдү жана кесиптик иш тажрыйбасын алуу боюнча;
   - технологиялык.
   - илимий-изилдөөчүлүк иш.
3. Диплом алдындагы практика

9.5.3. Практиканын турлөрүнө талаптар

Окуу-таанышуу практикасы. Практиканын бул түрүнүн максаты окуп жаткандарга бажы иши чөйрөсүндө баштапкы кесиптик билгичтиктерди жана көндүмдөрдү алуу болуп саналат.

Өндүрүштүк (технологиялык) практика. Өндүрүштүк (технологиялык) практиканы жүргүзүүнүн максаты **"Бажы иши"** адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдү бажы органынын түзүмдүк бөлүмүнүн кызмат адамынын же тышкы экономикалык иштн же бажы иши жаатында иш жүргүзгөн уюмдун кызматкеринин кесиптик милдеттерин өз алдынча аткарууга практикалык даярдоону камсыз кылуу болуп саналат.

Өндүрүштүк практика (илимий-изилдөө практикасы). Практиканын максаты бажы иши жаатындагы кесиптик милдеттерди чечүү менен байланышкан илимий-изилдөө ишин өз алдынча жүргүзүү көндүмдөрүн алуу болуп саналат.

Дипломго чейинки практика. Практиканын максаты: бажы чөйрөсүндө иштөө жана дипломдук ишти аткаруу үчүн зарыл болгон теориялык билимдерди жана кесиптик иш-практикалык көндүмдөрдү тереңдетүү жана бекемдөө. Өндүрүштүк (дипломго чейинки) практикадан өтүүнүн жыйынтыгы боюнча студент тарабынан түзүлгөн отчетто дипломдук ишти жазуу үчүн зарыл болгон системалаштырылган теориялык жана практикалык материалдардын 60% дан кем эмеси камтылууга тийиш.

Практиканын өткөрүүнөн ыкмалары-стационардык, көчмө.

Практика төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

- ЖОЖдун керектүү кадрдык жана илимий-техникалык потенциалы бар тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүндө (кафедраларда, лабораторияларда);
- Кыргыз Республикасынын бажы органдарында;
- тиешелүү билим берүү программасынын профили боюнча иш жүргүзгөн уюмдарда (профилдик уюмдарда).

Практика орду катары аныкталган уюмдар төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

- студенттердин практикага тапшырмадагы маселелердин бардык тизмеси менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- студенттердин практикадан өтүүсү үчүн шарттарды түзүү.

Практикант-студенттин отчетун кабыл алууда жана коргоодо, факультеттин, колледждин практика жетекчилери сунуштаган комиссиянын курамы түзүлүп, кафедра тарабынан бекитилет. (комиссиянын курамына буйруктагы окутуучулар, профессорлор, доценттер, мүмкүнчүлүгүнө жараша мекеме ишканалардын өкүлдөрү кошулат).

Практиканын жыйынтыгын баалоо алдын ала белгиленген критерийлер боюнча комиссиянын чечиминин негизинде практикантка балл (максимум 100 балл) ыйгарылып, сынак баасы коюлат. Студенттердин практика боюнча иштерин баалоо учурунда, ишкана-мекемелердеги практика боюнча жетекчилери тарабынан берилген мүнөздөмөлөр эске алынат.

Сырттан (кечки) окуу формасында окуган жана өзүнүн тандап алган кесибинин профили боюнча иштеп жаткан студенттер өзү иштеген ишканада, мекемеде практикадан өтө алат жана иштегендиги жөнүндө аныктаманы практика жетекчисине тапшыруу менен жалпы жана жеке тапшырмалардын аткарылышы боюнча жазуу түрүндөгү отчеттун гана тапшырат.

**9.6. Жыйынтыктоочу аттестация**

9.6.1.Комплекстик жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакка талаптар жана эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин саны) бөлүштүрүлүшүнө негиздемелер:

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация милдеттүү болуп саналат жана билим берүү программасы толук көлөмдө өздөштүрүлгөндөн кийин ишке ашырылат.

Бүтүрүүчүлөрдүн Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын курамына кирген аттестациялык сынактар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- мамлекеттик сынак;
- дипломдук ишти коргоо.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын милдети болуп окуучулар тарабынан программаны өздөштүрүүнүн натыйжаларынын Мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайыктуулугун аныктоо саналат. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби жождун локалдык актысы менен жөнгө салынат.

9.6.2. Квалификациялык (дипломдук) ишти аткарууга талаптар, жана эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин саны) бөлүштүрүлүшүнө негиздемелер:

Дипломдук иштин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүлүшүнө болгон талап, ошондой эле мамлекеттик экзаменге болгон талаптар жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат.

Дипломдук иш адистерди даярдоодогу тандап алган профилге дал келген практикалык багытта болушу керек.

***Билим берүү стандартты төмөнкү тараптардын катышуусу менен иштелип чыккан:***

1. Абдурасулов Олимжон Авалбайевич- И.Каримов атындагы Ташкент мамлекеттик техникалык университетинин, Алмалык филиалынын доценти, ф.и.к.;
2. Абаев Максатбек Бектурсынович–М.Х.Дулатов атындагы Тараз Регионалдык университети, Кылмыш укугу жана процесси кафедрасынын башчысы, ю.и.к., доцент;
3. Байтемирова Зарина Дадажанова - Мукими атындагы Кокон мамлекеттик педагогикалык институту, доцент, ф.и.к.;
4. Белоусов Алексей Владирович–РФ Тюмень мамлекеттик университети, КУжП кафедрасынын доценти, ю.и.к.;
5. Ибраимов Рахатбек Турсанович–Ж.Баласагын атындагы КУУнун. Юридикалык институтунун Укук таануу жана бажы иши кафедрасынын башчысы доцент, ю.и.к.;
6. Колбаев Бакыт Абдысатарович - Ош бажысынын бажылык процесстер борборунун алдын ала бажы жол жоболоштуруу тобунун өткөрүү пунктунун башчысы, бажы кызматынын подполковниги;
7. Абдыразакова Гулнара Пазылжановна-Ош бажысынын башкы инспектору, бажы кызматынын подполковниги;
8. Калыков Замирбек Абдираимович-Ош бажысынын улук инспектору, бажы кызматынын майору;
9. Абдиев Равшан Жанышбекович–Ош бажысынын Эркештам бажы постунун ага инспектору;
10. Асылбек уулу Уларбек – Өзгөн райондук салык кызматынын башкы инспектору;
11. Арстанбеков Мамасалы Сарбашович - КСЭБИ кафедрасынын башчысы доцент, ю.и.к.;
12. Жусупбаев Куштарбек Курманбаевич–КСЭБИ кафедрасынын улук окутуучу, программа жетекчиси;
13. Ташмаматов Азизбек Аматбекович – КСЭБИ кафедрасынын улук окутуучусу;
14. Мурзаканов Медет Акбарович – КСЭБИ кафедрасынын улук окутуучусу;
15. Саймидинов Сырбек Базарбаевич – КСЭБИ кафедрасынын окутуучу.